КЫРГЫЗ ТИЛ ИЛИМИ КАФЕДРАСЫНЫН
ПРОФЕССОРУ ГҮЛЖАМАЛ ЖАМАНКУЛОВА
19-20-МАЙДА УТРКНЫН РАДИО ЖАНА ТЕЛЕБЕРҮҮЛӨРҮНДӨ
БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ ЖАЗУУЛАРЫ ТУУРАЛУУ МАЕКТЕШТИ.

Профессор Гүлжамал Жаманкулованын катышуусу менен 2025-жылдын 19-майында УТРКнын Маданият каналынын «Маек төр» теле берүүсүндө «Байыркы кыргыз тили жана анын калыптанышы» жана «Бүгүн кечте» радио уктуруусунда кыргыздардын жана кыргыз жазуусунун байыркы замандан баштап б.з. X кылымына чейинки тарыхы тууралуу кызыктуу маектешүү болду. Анда окумуштуу кыргыздардын тарыхы түрк тилдүү элдердин ичинде алган орду, алар менен карым-катышы, кыргыз мамлекеттүүлүгү, өз алдынчалыгы, көчмөн турмушу, каада-салты тууралуу кеңири баяндап, түрк тилдүү элдердин ичинен кыргыздардын эң байыркы эл экендигин, Енисей кыргыздары менен Тянь-Шань кыргыздарынын карым-катышы тууралуу сөз кылды. Байыркы түрк рун жазуусу, V кылымда енисейлик кыргыздарга тиешелүү болгондугу, Енисей жазуулары менен Таластан, Венгриядан табылган жазуулардын тектештиги тууралуу кызыктуу маалыматтарды айтып өттү.

Бул тууралуу кеңири маалыматты төмөнкү сылкадан таанышсаңыздар болот.
**https://youtu.be/uwGMxdQwqbA?si=_DD-Kuq82iIBIrw9**
**https://www.facebook.com/share/v/1BVWVtnsiV/**

*(С) А.У.Акынбекова – кыргыз тил илими кафедрасынын башчысы, профессор*



Маданият каналы



Маданият каналы





«Бүгүн эсте» радио берүүсү



Замана студиясы


Замана студиясы


Байыркы
кыргыз тили
Кыргыздардын
жана кыргыз
жазуусунун
тарыхы
II
АЛТАЙ ТЕКТҮҮ
ЭЛДЕРДИН
ЦИВИЛИЗАЦИЯСЫ
УТРК
8:35